**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13. 23. 662 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 373. 292(575.2) (043.3)**

**Сабирова Махаббат Мийзамовна**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖОГОРКУ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2023**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна** педагогика илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер:** | **Ажибаева Айнура Жакшымбековна,** педагогика илимдеринин доктору, доцент, Талас мамлекеттик университетинин Кесиптик билим берүү бөлүмүнүн директору |
| | **Адылбек кызы Гульназ,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Ж. Баласагын атындагы КУУнун мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүү технологиялары кафедрасынын башчысы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасы (Дареги: 720000, Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси, 27). |

Диссертациялык ишти коргоо 2023 жылдын 27 октябрында саат 13.00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51). Диссертацияны коргоонун онлайн көрсөтүү коду: https: // vc. vak. kg/b/132-3bn-fgw-pkn.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан (Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51) жана Кыргыз билим берүү академиясынын (Дареги: 720000, Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 25) китепканасынан жана КР Президентине караштуу УАКтын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2023 жылдын 26 сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештинокумуштуу катчысы,**

**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А. О.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы өнүгүп жаткан коом адам ишмердүүлүгүнүн ар кандай чөйрөлөрүндө, анын ичинде билим берүү тармагында да өзгөрүүлөрдү талап кылууда. Бүгүнкү күндө заманбап билим берүү системасынын алдына коюлган олуттуу буйрутманын бири, жаңы муундун стандарттарына ылайык келүүчү билим берүү ресурстарына жетишүү жана курактык өнүгүүнүн бардык этаптарында эң жакшы натыйжаларды камсыз кылуучу көндүмдөргө жана компетенцияга ээ болгон балдардын инсандыгын калыптандырууга көңүл буруу болуп саналат. Бул өзгөрүүлөр баланын инсандыгын өнүктүрүүгө, анын социалдашуусуна жана коомго кошулуусуна көмөктөшүүчү шарттарды түзүүгө ылайыкталган окутуунун жана тарбиялоонун жаңы уюштуруу формаларына, методдоруна жана каражаттарына муктаж экендиги байкалууда.

Окумуштуулар жана практиктер тарабынан талкууланып жаткан көйгөйлөрдүн бири да, балдардын башка адамдар, тактап айтканда, өзү теңдүүлөр жана чоңдор менен карым-катнаш түзүүгө каалоосунун жоктугу, аларда социалдык маанилүү көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн өнүкпөгөндүгү болуп саналат. Коомдо кабыл алынган ченемдерди жана талаптарды өздөштүрүү, анын ичинде социалдык көндүмдөргө басым жасоо менен, балдардын өзү теңдүүлөр жана чоңдор менен баарлашуусун, өз-ара бири-бири менен аракеттенүүсүн, өз алдынчалуулугун калыптандырып, жоопкердүүлүк сапаттарын, эмпатиялык мамилелерин тарбиялоо менен, үй-бүлө мүчөлөрүнө жана чоңдорго карата сыйлоо, жакшы көрүү жана жардамдашуу сыяктуу сезимдерин калыптандыруу болуп саналат.

Коомдун өзгөрүшүн жана анын келечектеги өнүгүүсүн эске алуу менен, балдардын инсандык сапаттарынын калыптануусун, социалдык тарбиялоо маселелерин принципиалдуу түрдө жаңыча түзүүнү, аны түшүнүүгө жана ишке ашырууга жардам берген көндүмдөрдү жана мамилелерди калыптандырууну шарттайт.

“2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүүнүн Стратегиясын” ишке ашырууда: балдарды эрте өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү жана мектепке чейинки даярдоонун милдеттери жөнүндө маалымат берүү, мектепке даярдоо программаларын киргизүү жана ишке ашыруу үчүн кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо маселери каралган.

“2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында” (2018-ж.Улуттук өнүктүрүү стратегиясы), Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү” мамлекеттик билим берүү стандартында жана башка мамлекеттик жана программалык документтерде социалдык көндүмдөрдү

калыптандыруунун зарылчылыгы баса белгиленип, Кыргызстандын жаранынын руханий-адептик өнүгүү жолдору аныкталган.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин демилгеси менен төмөнкү программалар иштелип чыккан: балдарды «Наристе» мектебине даярдоо программасы (480 саат); 3 жаштан 6 жашка чейинки балдар үчүн “Балалык” өнүктүрүү программасы.

Бул программалардын өзгөчөлүгү, мектепке чейинки билим берүүдөгү окуу-тарбия процессин уюштуруунун жаңыча ыкмаларын, каражаттарын колдонуу менен, аларды практикада ишке ашыруу үчүн жөндөмдүү педагог кадрларды даярдоо маселелеринин каралгандыгы болуп эсептелет.

Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү менен байланыштуу маселелер бүгүнкү күнгө чейин изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келет. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын абалын, анын калыптанышын жана өнүгүшүн чагылдырган тарыхый фактыларды, пикирлер менен жеке көз караштарды окумуштуулар өз эмгектеринде жана изилдөөлөрүндө белгилеп келишкен. Алардын ичинде бул багытта ата мекендик илимпоздордун бараандуу эмгектери бар экендиги талашсыз.

Педагогика илиминин тарыхында М. Р. Рахимованын ысымы өзгөчө орунда турат. Анын эмгектери Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн түзүлүшүн жана өнүгүү тарыхын чагылдырат. Мисалы, “Совет өкмөтүнүн жылдарындагы Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия берүү” (1967), “Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия берүүнүн пайда болушу жана аны андан ары өнүктүрүүнүн перспективалары”(1974), “Балдар бакчасында окуу үчүн хрестоматия” (1974), “Эмгектеги адеп-ахлактык тарбия” (1978), “Бүчүр”, «Мөл булак», ”Балдар бакчасы” (2006)ж.б.эмгектеринде педагог кадрлардын актуалдуу көйгөйлөрүн изилдеп, тарбиячылар үчүн методикалык жардам көрсөтүү менен, өз эмгектеринде балдарды достукка, тынчтыкты сүйүүгө жана ынтымакка чакырган идеяларын айтууга болот.

XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымынан баштап, мектепке чейинки билим берүү маселесинин социалдык-педагогикалык, социалдык-экономикалык тараптары изилдөөгө алынып, Р. Зухритдиновдун “Влияние социально-экономических факторов на структуру и сеть дошкольных учреждений в сельской местности” (1989) диссертациялык изилдөөсү, Н. Календерованын “Дошкольное образование как начальная ступенька системы образования” (2011) эмгеги, Т. А. Орусбаеванын “Кыска мөөнөткө жамааттык мектепке чейинки мекемеге келген 3-5 жаштагы балдарды ар тараптуу өнүктүрүү, кароо, билим берүү программасы” мектепке чейинки курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү сыяктуу ж.б. маселелерди талдоого алат.

Акыркы убактарда Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн көйгөйлөрүн: Ж. А. Абдраева “Дошкольное образование в Кыргызстане: проблемы и перспективы” (2002), М.Мамбеталиев “Балдар мекемелеринин заманбап көйгөйлөрү” (2005), Н. К. Тунгатарова “Балдар бакчасынын 6-7 жаштагы балдарын кыргыздын улуттук каада-салттары аркылуу социалдаштыруу” (2008), Т. А. Умурбекова “Мектеп жашына чейинки балдардын дене тарбиясында кыргыз фольклорун колдонуунун педагогикалык негиздери” (2013), Т. А. Коңурбаев “Формирование ценностных ориентаций у старших дошкольников на основе кыргызских народных традиций” (1999) илимий изилдөөлөрүндө кыргыздын элдик салттарынын жана оюндарынын негизинде мектепке чейинки жогорку курактагы балдарда улуттук баалуулукту калыптандыруу маселесине токтолуп, ал баалуулуктардын мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын түрдүү сапаттарын, жөндөмдүүлүк жана көндүмдөрүн калыптандырууда ролу чоң экендигине басым жасашкан.

К. С. Сейдекулова, Л. В. Усенко, Д. Ж. Майгулакова: «Мектепке чейинки билим берүү процессине үй-бүлөнүн жана коомчулуктун активдүү катышуусу» деген эмгегинде, мектепке чейинки билим берүү уюмундагы бардык иштердин (анын ичинде социалдык көндүмдөрдүн калыптанышы) натыйжалуулугу үй-бүлө менен коомчулуктун биргелешкен иш-аракеттеринен көз каранды”,- деп жазат.

М. А. Абдыкеримова, Э. Т. Токсомбаева, Р. Т. Кадырбекова: бир жаштан алты жашка чейинки балдарды окутуп-тарбиялоодо, алардын дене жана психикалык жактан ден-соолугун коргоодо, тайпада жагымдуу маанайды түзүп, чыр-чатактуу кырдаалды четтетүүдө, тарбиячы эң биринчи кезекте өзү бай тажрыйбага, социалдык көндүмдөргө, жөндөмдүүлүктөргө ээ болушу керек деп “Жалпы педагогика: жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн” (2011) окуу куралында жазышат.

Ошондой эле балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу маселесин: А. П. Адамова (2017), И. С. Кон (1984), Т. Н. Захарова (2011), Т. А. Маркова (1979) С. А. Козлова (2002), О. Е. Лебедев (2004), А. В. Мудрик (2011), ж.б.окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө чагылдырышкан.

Көптөгөн изилдөөлөрдүн жүргүзүлгөндүгүнө жана көйгөйдүн актуалдуулугуна карабастан, Кыргызстанда мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу маселеси жеткиликтүү изилдене элек. Изилдөө ишинин темасы боюнча педагогикалык, психологиялык, философиялык адабияттардын, диссертациялык, монографиялык материалдардын, илимий иштердин талдоосу төмөнкү ***карама-каршылыктарды аныктоого мүмкүндүк берди***:

– мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу актуалдуу, бирок социалдык-педагогикалык иштердин тиешелүү деңгээлде жолго коюлбагандыгы;

– балдарда социалдык көндүмдөрдү калыптандырууда маалыматтардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири экендигине карабастан, аларды колдонуунун теориялык жана методикалык негиздеринин иштелип чыкпагандыгы;

– мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин жана ата-энелердин социалдык көндүмдөр жөнүндөгү билимдерди билүүсүнүн маанилүү экендиги, бирок ал билимдердин жетишсиздиги ж. б.

Жогоруда белгиленген илим менен практикадагы ажырым бизге изилдөөнүн көйгөйүн “Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары кандай болушу мүмкүн”? – деп айкындоого негиз болуп диссертациялык ишти «Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» деп атоого түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышта каралып, 2015-2022-ж. ж.аралыгында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты:** мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун теориялык негиздерин ачыктоо.

2. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруудагы методдорду, моделди жана педагогикалык шарттарды аныктоо.

3. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана моделдин натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана тийиштүү практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөдөн алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы:**

1. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун теориялык жагы негизделди.

2. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун милдеттери, илимий методдору такталып, максатка ылайык теориялык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды. Тарбиячылар жана ата-энелер менен балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү тапшырмалары берилди.

3. Иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилди. “Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу» аттуу программасын (балдар бакчасынын тарбиячылары үчүн даярдалган) практикага киргизүү аркылуу текшерилип, педагогикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү:** диссертациялык изилдөөлөрдүн теориялык натыйжаларын ЖОЖдордо, кесиптик орто окуу жайларда, Республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институнун курстарынын лекциялык жана практикалык сабактарында пайдаланса болот. Изилдөөнүн практикалык материалдары жана методикалык сунуштамалары, педагогикалык багытта окуган (мектепке чейинки билим берүүдө) студенттердин билимин өркүндөтүүгө жана аларды методикалык ыкмалар менен камсыз кылууда жардам берет. Ошондой эле балдар бакчасынын жогорку жана даярдоо тайпаларынын тарбиячыларынын практикалык иштеринде колдонулат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча теориялык жана практикалык абалын талдоодон алынган жыйынтыктар.

2. Социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун педагогикалык шарттары: мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын коомдук жүрүм-турумдун нормалары жана эрежелери жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү – социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун бир шарты катары; балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды сунуштоо менен өз алдынчалуукту тарбиялоо; предметтик-мейкиндик социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү жана колдоо – социалдык көндүмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт; мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун ишмердүүлүгүнүн гуманисттик багыттагы кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүүнү колго алуу.

Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда педагогикалык моделдин компоненттери,

мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу процессинин ички уюштурулушун: максатын, милдеттерин, принциптерин, уюштуруу формаларын жана методдорун ачып берет жана ушул процесстин элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн туруктуу кайра жаралуусун камсыздайт.

3. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын камтыган моделдин натыйжалуулугун текшерген педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары жана практикалык сунуштар.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун теориялык маселелери талдоого алынды; балдарды окутуп-тарбиялоо процессинде социалдык көндүмдөрдү калыптандырууга түрткү болгон педагогикалык шарттар жана теориялык модель аныкталды; балдар бакчасынын тарбиячылары жана ата-энелер менен биргеликте иш жүргүзүүнүн жаңы формалары такталды, аны окутуу-тарбиялоо процессине киргизүү сунушталды. Ошондой эле “Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун программасы” иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн натыйжалары жана корутундулары Эл аралык жана республиканын алкагындагы ЖОЖдордо болуп өткөн конференцияларда талкууланып, колдоого ээ болду. Мындан тышкары, изилдөөнүн негизги мазмуну И. Арабаев атындагы КМУнин педагогика кафедрасынын отурумунда талкууланды.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн багыты боюнча 10 илимий макала (анын ичинен 6 жергиликтүү, 5 макала РИНЦ журналында)“ Вестник ОшГУ” (2017, 2021), “Наука новые технологии и инновации Кыргызстана”(2021), “Бюллетень науки и практики” (2021), “Актуальные научные исследования в современном мире” (2022), “Международный журнал гуманитарных и естественных наук” (2022) жарыяланды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, практикалык сунуштардан жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин толук көлөмү – 156 бет. Ал 23 таблицаны, 26 сүрөттү камтыйт. Пайдаланылган адабияттардын саны – 155.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу негизделип, иштин максаты, милдеттери аныкталды, илимий жаңылыгы ачылган, коргоого коюлуучу негизги жоболор көрсөтүлдү, практикалык жыйынтыктардын апробациясы жана изилдөөнүн илимий баалуулугу чагылдырылып, теориялык жана методологиялык негиздери такталды.

**Биринчи бап «Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун теориялык негиздери»** деп аталып, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда, социалдашуунун маңызы ачылып, негизги түшүнүктөрүн талдоо сыяктуу маселелер каралды.

Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдашуусунун мааниси жана ага байланышкан маселелер алдыңкы педагог-психологдор: М. М. Безрукихтин (2002), Л. А. Венгердин (1979), Л. С. Выготскийдин (1991), Н. П. Иванованын (2012), Г. Л. Ильиндин (1986), Г. Р. Линкердин (2011), Д. Б. Элкониндин (1971) эмгектеринде чагылдырылды.

Социалдашуунун педагогикалык аспектисин камтыган изилдөөлөр Ю. К. Бабанский (1977), В. В. Краевский (2005), В. А. Сластенин (2013), П. И. Пидкасистый (2002), И. П. Подласыйдын (2004) жана М. В. Шакурованын (2008) эмгектеринде да орун алгандыгы көрсөтүлдү.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Н. А. Асипова: «Өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, чакан аймактагы социалдык таалим-тарбия иштерин уюштуруу бүгүнкү күндөгү социалдык иш-чаралардын негизги багытынан болуп бара жатат», – деп жазат. Н. А. Асипованын ою боюнча, үй-бүлө, балдар үчүн социалдык нормаларды өздөштүрүүнүн башаты болуп кызмат кылат (2004).

«Социалдашуу» түшүнүгүнүнүн кыргыз тилиндеги маани-маңызын аныктоого байланыштуу аракеттерди М. С. Мурзаевдин эмгектеринен көрүүгө болот. Ал бул түшүнүктү улуттук маданияттагы социалдаштыруу салттарынын алкагында карап, аны «…тарыхый өнүгүүдө эл тарабынан жаратылган жана эл сынынан өткөрүлгөн, элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын, ырым-жырымдардын, ишенимдердин, стереотиптердин ж. б. таасир этүүлөрү аркылуу, социалдык нормалар, көндүмдөр, жүрүм-турум эрежелери менен социалдык күтүүлөрдү балдарга өздөштүртүү аркылуу, аларды коомдун мүчөсү, өз элинин өкүлү жана инсан катары жетилтүү мүмкүн», –деп мүнөздөйт (2003).

А. Ж. Муратов: «Ар кандай улуттук мектеп болобу же балдар бакчасыбы элдик педагогикага негизделбей жашай албайт: улуттук фольклор, улуттук оюндар, элдик театр ж. б» – деген А.Т. Калдыбаеванын

сөзүн «Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы» деген китебинде эскерип кетет (2011).

Жогорудагы ойлордон жана кыргыз илимпоздорунун изилдөөлөрүнөн улам, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу, эн оболу, социалдашуудагы улуттук өзгөчөлүк, социалдык тарбия иш-аракеттеринин маани-маңызын түшүнбөй туруп, ага жетүүгө мүмкүн эместигин түшүндүрөт.

Диссертацияда “Көндүм”, “Социалдык көндүм” түшүнүктөрүнө токтолуп, анын мазмунун ачууга аракет кылган окумуштуулардын ой-пикирлери чагылдырылды. Мисалы, О. В. Полозова: “Көндүм” – бул кайталоодон келип чыккан аракет, б. а. кайсы бир иш-аракетти жогорку деңгээлде өздөштүрүү, жөнгө салуу”, – деп мүнөздөйт» (2015). Г. В. Белокурова көндүм тууралуу: «Аң-сезимдүү иш-аракетти аткаруунун жүрүшүндө иштелип чыккан автоматташтырылган компоненттер», – деп атайт (2008).Т. Л. Пасальская: «Көндүм-көнүгүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон аң-сезимдүү ишмердүүлүктүн автоматташтырылган компоненти», – деп айтса (2011), О. Ф. Борисова: «Көндүм – кандайдыр бир операцияны же иш-аракетти аткаруунун оптималдуу сапаттык деңгээли», – деп жыйынтык чыгарат (2009).

Ж. А. Көчүмбетова: Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын өзгөчөлүгүнө токтолуп, «Мектепке чейинки жогорку курак балдардын таануу процесстеринин өнүгүшү жана социалдык көндүмдөрдүн калыптанышы үчүн эң ыңгайлуу мезгил деп эсептеп, баланын дүйнө таанымы ошол курактан башталат», – деп жазат [69, 49-б].

Демек, биринчи бапты жыйынтыктап жатып, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда, социалдашуунун зарылдыгы жогору экендигин белгилеп, “Көндүм”, “Социалдык көндүм” түшүнүктөрүнүн маани-маңызын ачууга аракет жасадык. Бул курак жогорудагы иш-аракеттерди ишке ашырууда, эң ыңгайлуу мезгил экендиги далилденди.

**Экинчи бап «Изилдөөнүн материалдары жана методдору»**деп аталып, мында изилдөөнүн экинчи милдети ишке ашырылды. Бул бапта мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу жолдорун аныктаган илимий методдор талдоого алынды, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун модели, ошондой эле социалдык көндүмдөрдү калыптандырууга таасир эткен педагогикалык шарттар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн объектиси –** бул мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу процесси каралса, ал эми **изилдөөнүн предмети** катары мектепке чейинки жогорку курактагы

балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары болуп эсептелинди.

Изилдөөнүн предмети аныкталган карама-каршылыктарды жоюуга багытталды. Педагогикалык изилдөө жүргүзүүдө колдонулган илимий методдордун чөйрөсү бир кыйла кеңири экендиги бизге белгилүү. Изилдөө ишибиздин объект жана предметине жараша, биз теориялык жана эмпирикалык методдордун арасынан кээ бир методдорду бири-бирин толуктоо менен колдондук.

Теориялык методдордун арасынан биз моделдөө методун колдондук. Бул метод мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун идеалдуу абалынын моделин куруу менен байланышта болду. Моделдештирүү түздөн-түз кабыл алууга мүмкүн болбогон объектилерди жана процесстерди элестетүүгө жардам берди.

Бул модель билим берүүдөгү компетенттүүлүккө негизделген мамилеге, антропологиялык жана ишмердүүлүк мамилесине таянып, жалпы изилдөө ишинин максаттарын, милдеттерин, принциптерин, функцияларын, педагогикалык шарттарды, аны ишке ашыруудагы каражаттарды, критерийлерди жана көрсөткүчтөрдү камтыды.


Моделди иштеп чыгууда биз белгилүү бүтүн системаны түзгөн закончөнемдүү,функционалдуу байланышкан компоненттердин жыйындысы катары системалык мамиленин көз карашынан карадык. Моделдеги компоненттерди бөлүп көрсөтүү, аны блокторго бөлүүгө мүмкүндүк берет, алар мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун максаттуу процессин дагы да так көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Модель өз ара байланышкан 3 компонентти айкалыштырат: максаттык, мазмундук-процессуалдык жана натыйжалык.

Сунуш кылынган модель балдар бакчасынын ишмердүүлүк процессинде өзөктүү педагогикалык принциптерди колдонуу аркылуу мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет жана педагогикалык процесстин мазмунуна, түзүлүшүнө жана уюштуруу жолдоруна түзмө-түз жана кыйыр таасир этет (2.1-сүрөт).

Эмпирикалык илимий методдорунун ичинен биз байкоо жүргүзүү, баарлашуу, тестирлөө, анкеталык сурамжылоо (ата-энелер, тарбиячылардын өздөрү жана балдар менен жүргүзүлдү), документалдык материалдарды талдоо жана педагогикалык эксперимент методдорун колдондук.

Бул эмпирикалык методдор изилдөө предмети ортосундагы байланыштарды белгилөөгө жана сүрөттөөгө жардам берди. Эмпирикалык




**1-сүрөт. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун модели**

методдор учурдагы билим берүү практикасында педагогикалык маселени чечүү абалын сүрөттөөгө мүмкүндүк берип, теориялык жыйынтыктарды практикалык жактан текшерүү мүмкүнчүлүгүн шарттады. Биз колдонгон

эмпирикалык методдордун мүнөздөмөсү диссертациялык иште кенен сунушталган.

Ал эми педагогикалык шарттарды ишке ашырууда төмөнкү ыкмалар пайдаланылды:

Биринчи педагогикалык шартты ишке ашырууда, Р. Р. Калининдин «Сюжеттүү сүрөттөр» ыкмасы; экинчи педагогикалык шартты ишке ашырууда, Л. А. Венгердин «Балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө өз алдынчалуулуктун көрүнүшү» ыкмасы; үчүнчү педагогикалык шарт менен иштөөдө, предметтик-мейкиндик социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү жана колдоо ишмердүүлүктөрү каралды.

Ал эми төртүнчү педагогикалык шарттын максатына ылайык, тарбиячылардын иш-аракетинин гуманисттик багыттагы кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүүдө жана алардын даярдыгынын деңгээлин баалоодо «Педагогикалык баарлашуу стили», "Сиздин эмпатикалык жөндөмдөрүңүз" тесттери колдонулду.

Педагогикалык системанын өнүгүү жана иштөө процесси бир катар конкреттүү шарттарды сактоо аркылуу аныкталат. Демек, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу процессинин натыйжалуулугу, албетте, педагогикалык шарттардын сакталышы менен аныкталды.

**Биринчи педагогикалык шарт.** Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын коомдук жүрүм-турумдун нормалары жана эрежелери жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү – социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун бир шарты катары.

Бул педагогикалык шартты ишке ашыруу менен, балдарда чоңдорду сыйлоону, өзү теңдүүлөр менен позитивдүү мамиле түзүүнү жана жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандыра алабыз. Ошондой эле балдарды саламдашуу, коштошуу, ыраазычылык билдирүү, мамиле жасоо жана коомдук жайларда өзүн маданияттуу алып жүрүү сыяктуу эрежелерге үйрөтөбүз.

**Экинчи педагогикалык шарт.** *Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды сунуштоо менен өз алдынчалуулукту тарбиялоо болду.*

Бул педагогикалык шарттын эффективдүүлүгү болуп, балдар өз ойлорун билдирүүгө, далилдөөгө, алдындагы тоскоолдуктарды жеңүүгө, башкалар менен баарлашууга, предметтерди бөлүшүүгө, өзүнүн жөнөкөй керектөөлөрүн канааттандырууга ж. б. үйрөнүштү.

**Үчүнчү педагогикалык шарт.** Предметтик-мейкиндик социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү жана колдоо – социалдык

көндүмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Н. Б. Крылов, Л. С. Выготский, Л. И. Божович сыяктуу изилдөөчүлөр предметтик-мейкиндик социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү жана колдоо, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын эң зарыл болгон социалдык көндүмдөрүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт деп белгилешет.

Гуманисттик көз караштагы педагогдордун ою боюнча, чөйрө адамга жалпы маданий баалуулуктарды алууга канчалык кеңири мүмкүнчүлүк берсе, ал ошончолук көп түрдүү болот жана адамдын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө канчалык көп мүмкүнчүлүктөрдү жаратса, бул чөйрө билим алуу үчүн зарыл болгон шарттарды ошончолук канааттандырат.

Үчүнчү педагогикалык шартты ишке ашырууда, М. Монтессоринин педагогикалык принциптерине ылайык предметтик-мейкиндик социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөсүн куруу боюнча иштерди жүргүздүк.

**Төртүнчү педагогикалык шарт**. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун ишмердүүлүгүнүн гуманисттик багыттагы кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүүнү колго алуу.

Билим берүү ишмердүүлүгүнүн гуманисттик принциптерге өтүшү, билим берүү процессин гуманисттик парадигманын алкагында куруу болуп саналат.Ушуга байланыштуу педагогдор бул принципти кабыл алуу жана түшүнүү зарылчылыгы гана эмес, ишмердүүлүктүн гуманисттик багыттагы талаптарына жооп берген педагог кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо маселеси маанилүү экендигин белгилөөгө болот.

Гуманисттик багыттагы педагогиканын өкүлдөрү А. Маслоунун (1982) жана К. Роджерстин (1994) ою боюнча: гуманисттик багыттагы иш-аракеттин максаты – өзүн-өзү өнүктүрүү, ал эми негизги милдети – баланын өзүнүн дараметин толук ишке ашыруусуна жардам берүү. М. Монтессоринин оюна таянсак, баланы өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүү адам катары кароо идеяларын сунуштаган.

Педагогикалык-психологиялык адабияттарды талдоо менен, бул багытта эффективдүү иштерди жайылтуу зарылдыгы бар экендигин, мектепке чейинки билим берүү уюмдары балдар менен иштөөнүн гуманисттик принциптерине ылайык келүүчү окуу-тарбия иштерин жүргүзүү керектигин көрсөттү.

**Үчүнчү бап «Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана натыйжалары»** деп аталып, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын практикалык түрдө ишке ашыруу боюнча иш-чараларды уюштурууга, педагогикалык эксперимент

жүргүзүүгө, ошондой эле изилдөөнүн натыйжаларын системалаштырууга жана анализдөөгө багытталды.

Эксперименталдык-изилдөө иштери 2015-жылдан 2022-жылга чейин: констатациялоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү баскычта жүргүзүлдү.

Эксперименталдык иштин максаты: балдар бакчасында мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын окуу-тарбия процессинде социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун гуманисттик принциптерге негизделген моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун текшерүү болду.

Изилдөө иштери Ош шаарындагы «Умные детки», «Идаят апа», №40 «Нариcте» жана №1 «Жибек» балдар бакчасында жүргүзүлдү.


Изилдөөдө 4 топ түзүлүп, алардын (ЭТ-1«Идаят апа», ЭТ-2«Умные детки») мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча, биз иштеп чыккан моделди ишке ашырышты. Кийинки эки топ (КТ-3 №1 «Жибек» жана КТ- 4 №40 «Нариcте») мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу иштерин дагы да өнүктүрүү керектигин көрсөттү.

Социалдык көндүмдөрдүн калыптануу деңгээлин баалоо үчүн төмөнкү: өз пикирин билдирүү, топ менен иштөөдө өзүн-өзү көзөмөлдөө, башкаларды уга билүү, өз жүрүм-турумун башкара билүү, баарлашуу, конфликттик кырдаалдан чыгуу критерийлери колдонулду.

Изилдөөнүн констатациялоочу баскычынын жыйынтыгында, биз изилдөө үчүн тандап алган критерийлер боюнча социалдык көндүмдөрдүн калыптануу деңгээлине (жогору, орточо, төмөнкү) жүргүзүлгөн изилдөөлөр бардык топтордо, ар бир критерийлер үчүн өз алдынча аткарылды. Аягында төмөнкүдөй көрсөткүчкө ээ болуп, изилдөөгө катышкан балдардын көпчүлүгүндө социалдык көндүмдөрдүн калыптануусунда бир топ кемчиликтер бар экендигин көрсөттү (3.1-таблица, 3.1-сүрөт).

**3.1-таблица. – Эксперименталдык топтордогу балдардын социалдык көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлине баа берүү (баштапкы текшерүү).**

| **Тайпалар** | **Социалдык көндүмдөрдүн калыптануу деңгээли** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Төмөнкү** | | **Орточо** | | **Жогорку** | |
| | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** |
| ЭТ-1 – 17 | 7 | 41,2 | 6 | 35,3 | 4 | 23,5 |
| ЭТ-2 – 19 | 7 | 36,8 | 7 | 36,8 | 5 | 26,4 |
| КТ-3 – 18 | 9 | 50,0 | 7 | 38,9 | 2 | 11,1 |
| КТ-4 – 16 | 8 | 50.0 | 6 | 37,5 | 2 | 12,5 |




**3.1-сүрөт. Эксперименталдык топтордогу балдардын социалдык көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлине баа берүү (баштапкы текшерүү).**


Констатациялоочу эксперименттин аягында, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүнүн калыптануусу, тиешелүү жогорку деңгээлде эместиги тастыкталды. Мына ошондуктан, балдардын жогорку деңгээлдеги социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн, биз иштеп чыккан моделди жана педагогикалык шарттарды эффективдүү ишке ашырууда бир топ максаттуу иштерди аткаруу зарылдыгы белгиленди.

Изилдөөдө биз, педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун далилдөө үчүн калыптандыруучу экспериментти жүргүзүү, балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн иштелип чыккан моделди жана педагогикалык шарттардын комплексин изилдөөгө мүмкүндүк берди.

Биринчи педагогикалык шартты ишке ашырууда Р. Р. Калининдин «Сюжеттүү сүрөттөр» ыкмасын колдондук (3.2-таблица, 3.2-сүрөт).

**3.2-таблица. – Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын коомдук жүрүм-турумдун нормалары жана эрежелери жөнүндө түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнүн калыптануу деңгээли**

| Тайпалар | Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын коомдогу жүрүм-турум нормалары жана эрежелери жөнүндө түшүнүктөрүнүн калыптануу деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Төмөнкү | | Орточо | | Жогорку | |
| | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| ЭТ-1 – 17 | 6 | 35,3 | 7 | 41,2 | 4 | 23,5 |
| ЭТ-2 – 19 | 7 | 36,8 | 8 | 42,1 | 4 | 21,1 |
| КТ-3 – 18 | 11 | 55,6 | 6 | 33,3 | 1 | 11,1 |
| КТ-4 – 16 | 7 | 43,8 | 7 | 43,8 | 2 | 12,4 |




**3.2-сүрөт. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын коомдук жүрүм-турумдун нормалары жана эрежелери жөнүндө түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнүн калыптануу деңгээли.**

**Экинчи педагогикалык шарт** – мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды сунуштоо менен өз алдынчалуукту тарбиялоо болду. Бул максатта Л. А. Венгердин «Балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндөгү өз алдынчалуулугунун көрүнүшү» ыкмасы колдонулду. Изилдөөдө тепкичтүү татаалдыктагы үч тапшырма сунушталды.


Изилдөөнүн жүрүшүндө ар бир балага өз алдынча жекече аткаруу үчүн тепкичтүү үч тапшырма берилди. Тапшырмаларды аткаруу учурунда балдардын кыймыл-аракеттери, жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөздөрү, тапшырманы аткаруусу көзөмөлгө алынды. Биринчи тепкичте балдардын өз каалоосу боюнча тапшырманы аткаруу сунушталды.

Экинчи тепкичте балдарга тааныш эмес, бирок биринчи баскычтагы ишке окшош тапшырманы аткаруу сунушталды.

Үчүнчү тепкичте балдарга жаңы, таптакыр тааныш эмес тапшырма сунушталды, бирок балдарга алдын ала ал жөнүндө түшүнүк берип, кантип жасоо керектиги түшүндүрүлдү. Үч тапшырманын жыйынтыктары 3.3, 3.4-таблицаларда жана 3.3, 3.4-сүрөттөрдө көрсөтүлдү.

**3.3-таблица. - Констатациялоочу баскычта мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун деңгээли (баштапкы текшерүү)**


| **Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун деңгээлин** | | | |
|---|---|---|---|
| **Төмөнкү** | | **Орточо** | **Жогорку** |
| **1-тапшырма** | 66% | 24% | 10% |
| **2-тапшырма** | 57% | 36% | 7% |
| **3-тапшырма** | 42% | 56% | 2% |




**3.3-сүрөт. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун деңгээли (баштапкы текшерүү).**

**3.4-таблица. – Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун деңгээлин текшерүүчү баскычында диагностикалоонун жыйынтыктары**

| **Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун деңгээлин** | | | |
|---|---|---|---|
| **Төмөнкү** | | **Орточо** | **Жогорку** |
| **1-тапшырма** | **33%** | **51%** | **16 %** |
| **2-тапшырма** | **22%** | **62%** | **20%** |
| **3-тапшырма** | **18%** | **62%** | **20%** |




**3.4-сүрөт. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун деңгээлин текшерүүчү баскычында диагностикалоонун жыйынтыктары.**

Ошентип, үч тапшырма боюнча жыйынтыктарды жалпылоо менен, алынган натыйжаларды талдап көрүп, балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө өз алдынчалуулукту тарбиялоонун оң тенденциялары байкалды: эксперименттин жүрүшүндө, орточо жана жогорку денгээлдеги балдардын саны жогорулады. Аягында алынган натыйжаларды сандык жана сапаттык жактан талдап көргөнүбүздө, берилген тапшырмаларды аткарып жатып, балдардын көпчүлүгүндө иш-аракетке болгон кызыгуулары артып, ишмердүүлүк учурунда пайда болгон тоскоолдуктарды өз алдынча чечүүгө умтулган балдардын саны көбөйдү.

Изилдөөнүн алгачкы жана текшерүүчү баскычынан алынган маалыматтар конструктивдүү ишмердүүлүктө балдардын өз алдынчалуулугун тарбиялоо үчүн иш-аракеттин туура багыты тандалганын, бирок эффективдүү натыйжага жетүү үчүн дагы көп аракеттер зарыл экендиги белгиленди. Изилдөөнүн натыйжалары мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды сунуштоо менен өз алдынчалуулукту тарбиялоонун деңгээлинин оң динамикасын жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун тастыктайт.

Изилдөөнүн текшерүүчү баскычында алынган натыйжаларды талдоо, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндөгү өз алдынчалуулукту тарбиялоонун деңгээлинин оң тенденциясын белгилөөгө мүмкүндүк берди.

**Үчүнчү педагогикалык шартты ишке ашырууда** М. Монтессоринин педагогикалык технологиясынын принциптерине таяндык: кылдат түзүлгөн иш-аракеттер, тайпада түрдүү зоналардын уюштурулушу (математика, кеп өстүрүү, көркөм окуу, оюн ж. б.), материалдардын иреттүү бир тартипте жайгашуусу жана бул тартипти сактоо, балдар үчүн материалдын жеткиликтүүлүгү ж. б.

Изилдөөдө №1 «Предметтик-мейкиндик өнүктүрүүчү чөйрөнүн” жана №2 «Социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнүн” талдоо картасына ылайык, изилдөөгө катышкан бардык тайпаларда айлана-чөйрөгө баа берүү жүргүзүлдү.

№1 карта 3 критерийден, №2 карта 2 критерийден туруп, ар бир критерий ички критерийлерге бөлүнүп, ага карата баллдар коюлат (1 – аткарылган жок, 3 –жарым-жартылай аткарылды, 5 – толук аткарылды). Бардык критерийлер боюнча алынган баллдардын суммасы алардын санына бөлүнөт.

**Төртүнчү педагогикалык шарт** – Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун ишмердүүлүгүнүн гуманисттик багыттагы кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүүнү колго алуу.

2015-жылы илимий-изилдөө иштеринин биринчи баскычында тарбиялануучулардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу алкагында, тарбиячылардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн алгачкы деңгээли аныкталды.Бул үчүн төмөнкү тесттер колдонулду:

1. Сиздин эмпатикалык жөндөмдөрүңүз.

2. Педагогикалык баарлашуунун стили.

Ошондой эле, тарбиячылардын арасында мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүнүн маанилүүлүгүн, тарбиялануучулардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча

иштердин шарттарын жана эң натыйжалуу ыкмаларын түшүнүү деңгээли боюнча сурамжылоо иштери жүргүзүлдү.

Эксперименталдык иштерге катышкан тарбиячылар менен жумуштун перспективдүү планы түзүлүп, ага ылайык усулдук иш-чаралардын тизмеги белгиленди.

Кийинки кадам тарбиячылардын гуманисттик багыттагы ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү болду. Бул максатта тарбиячылардын квалификациясын жогорулатуу боюнча программа иштелди.


Изилдөөнүн натыйжаларын текшерүү үчүн акыркы диагностика жүргүзүлдү, анда жогорудагы эле ыкмалар колдонулду.

Изилдөөнүн калыптандыруучу баскычынын негизги милдети, уюштуруучулук-педагогикалык шарттардын мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууга тийгизген таасирин текшерүү болду.

Изилдөөнүн текшерүүчү баскычында бардык критерийлер боюнча топтордо акыркы текшерүү жүргүзүлдү. Алынган натыйжалар төмөнкү 3.5-таблицада жана 3.5-сүрөттө көрсөтүлдү.

**3.5-таблица. – Констатациялоочу жана текшерүүчү баскычында эксперименталдык топтордогу балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун деңгээли**

| Топтор | | Социалдык көндүмдөрдүн калыптануу деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөнкү | | Орточо | | Жогорку | |
| | | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| ЭТ-1 – 17 | Башында | 8 | 47,1 | 6 | 35,3 | 3 | 17,6 |
| | Аягында | 2 | 11,7 | 7 | 41,2 | 8 | 47,1 |
| ЭТ-2 – 19 | Башында | 7 | 36,8 | 9 | 47,4 | 3 | 15,8 |
| | Аягында | 2 | 10,5 | 10 | 52,7 | 7 | 36,8 |
| КТ-3 – 18 | Башында | 11 | 61,1 | 5 | 27,8 | 2 | 11,1 |
| | Аягында | 7 | 38,9 | 8 | 44,4 | 3 | 16,7 |
| КТ-4 – 16 | Башында | 9 | 56,3 | 5 | 31,3 | 2 | 12,4 |
| | Аягында | 7 | 43,8 | 6 | 37,5 | 3 | 18,7 |



**3.5-сүрөт. Констатациялоочу жана текшерүүчү баскычында эксперименталдык топтордогу балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун деңгээли.**

Изилдөөнүн текшерүүчү баскычында, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган изилдөө иши, жогорудагыдай көрсөткүчкө ээ болуп, биздин максатты аныктады.

## КОРУТУНДУ

"Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары" деген темада аткарылган педагогикалык илимий-изилдөө иши төмөнкүдөй мүнөздөлөт.

1. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун теориялык негиздерин талдап, маселени натыйжалуу чечүү педагогикалык шарттардын белгилүү системасын түзүү жана ишке ашыруу менен мүмкүн болот деген тыянакка келдик. Мына ошондуктан, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн, биз педагогикалык шарттардын жыйындысын комплекстүү киргизүүгө маани берип, төмөнкү педагогикалык шарттарды аныктадык. Алар төмөнкүлөр: мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын коомдук жүрүм-турумдун нормалары жана эрежелери жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү – социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун бир шарты катары; мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды сунуштоо менен өз алдынчалуулукту тарбиялоо; предметтик-мейкиндик социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү жана колдоо – социалдык көндүмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт; мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдор ишмердүүлүгүнүн гуманисттик багыттагы кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүүнү колго алуу. Ар бир педагогикалык шарттардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу, алардын маңызын, ишке ашуусун, ордун түшүнүүгө жардам берет.

2. Изилдөөдө мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун илимий методдорун жана моделин аныктадык. Биз иштеп чыккан моделдин компоненттери, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу процессинин максатын, милдеттерин, уюштуруу формаларын жана методдорун ачып берет жана ушул процесстин элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүнүн туруктуу кайра жаралуусун камсыздайт.

3. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун натыйжалуулугу, балдардын ар кандай ишмердүүлүк (оюн, окуу жана эмгек) процессинде туура уюштурулган иш-аракеттерден, тарбиячылардын компетенттүүлүгүнөн, ата-энелердин өз балдарынын күндөлүк турмушуна катышуусунан жана социалдык көндүм жөнүндөгү билимдерди өздөштүрүүсүнөн көз каранды экендиги тастыкталды. Статистикалык талдоо жүргүзгөндөн кийин, эксперименталдык топтордо социалдык көндүмдөрдүн калыптануусунун деңгээли жогорулагандыгы аныкталды.Мисалы, орточо эсеп менен алганда топтордо 17,6% дан 47,1% га жана 15,8% дан 36,8% га чейин өстү.

Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун актуалдуулугун төмөнкүлөр далилдеди:

– *социалдык-педагогикалык деңгээлде*: берилген мүмкүнчүлүктөрдү натыйжалуу пайдалануу жана өркүндөтүү менен, мамлекетибиздин туруктуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттин социалдык стратегиясынын компетенттүүлүгүнө негизделген билим берүүнү;

– *илимий-теориялык деңгээлде*: билим берүүдөгү компетенттүүлүккө негизделген мамилени өнүктүрүү, бул ыкманы практикада жайылтуу мектепке чейинки уюмдун тарбиялануучусунун өзүн-өзү өнүктүрүүсүн, билим алуусун жана өз потенциалын толук ишке ашырууга көмөктөшүүсүн;

– *илимий-методикалык деңгээлде:* актуалдуулук мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдору балдар менен мамиле куруунун жана окуу-тарбия процессин уюштуруунун гуманисттик принциптерине таянууну далилдеди.

Биздин изилдөөбүз: курдаштары менен байланыш түзө билүү, топтук иштерге катышуу, сабак учурунда тынч отуруу, коомдо өзүн адекваттуу тутуу жана өзүнү сылык жана тыкан алып жүрүү көндүмдөрүнө негизделди. Бул көндүмдөр: өз пикирин билдирүү, топ менен иштөөдө өзүн-өзү көзөмөлдөө, башкаларды уга билүү, өз жүрүм-турумун башкара билүү жана баарлашуу, конфликттик кырдаалдан чыгуу критерийлерине таянды.

Изилдөөнүн жыйынтыгында, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун шарттары жана модели аныкталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Диссертациялык изилдөөнүн теориялык натыйжаларын балдар бакчасынын окуу-тарбиялоо иштеринде, ата-энелер менен өткөрүлүүчү иш-чараларда, ЖОЖдордо, Республикалык педагогикалык багыттагы кадрлардын квалификациясын жогорулатууда жана кайра даярдоо курстарында пайдаланса болот.

2. Изилдөөнүн практикалык материалдары жана методикалык сунуштамалары педагогикалык багытта (мектепке чейинки билим берүүдө) окуган студенттердин билимин өркүндөтүүдө жардам берет. Ошондой эле аларды методикалык жактан жаңы ыкмаларды пайдаланып иштөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

3. “Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун программасы” (балдар бакчасынын тарбиячылары үчүн даярдалган) методикалык колдонмосун, мамлекеттик жана жеке балдар бакчасынын тарбиячыларынын ишмердүүлүгүндө жана социалдык көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган иш-чараларда колдонсо болот.

Биздин диссертациялык изилдөөдө маселелер толук чечилди деп айтуудан алыспыз, бул маселелер башка өңүттө кийинки изилдөөлөрдө дагы терең каралышы керек деп ойлойбуз.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Сабирова, М. М. Система управления образовательным учреждениям в современных условиях [Текст] / М. М. Сабирова // ОшМУнун Жарчысы. – 2017. – №5. – С. 149-153. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2017-s-3.pdf

2. Сабирова, М. М. Функции управлении образовательным учреждением современном мире [Текст] / М. М. Сабирова // ОшМУнун Жарчысы. – 2017. – №3. – С. 266-269. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2017-s-3.pdf

3. Сабирова, М. М. Научно-педагогические подходы к социализации детей дошкольного возраста [Текст] / М. М. Сабирова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – №5. – С. 164-167. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48219842

4. Сабирова, М. М. Сущность и содержание социализации детей дошкольного возраста [Текст] / М. М. Сабирова, А.Т. Калдыбаева // Бюллетень науки и практики. – 2021. – №6. – С.439-442. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46233931

5. Сабирова, М. М. Семья как первичная социализация в воспитании детей дошкольного возраста [Текст] / М. М. Сабирова // Бюллетень науки и практики. –2021. – №6. – С. 443-448. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46233932

6. Сабирова, М. М. Феноменологический анализ социализации личности в процессе социального воспитания [Текст] / М. М. Сабирова //

Бюллетень науки и практики. – 2021. – №11. –С. 296-301. https://elibrary.ru/contents.asp?id=47283013

7. Сабирова, М. М. Мектепке чейинки балдардын социалдашуусунун теориялык негиздери [Текст] / М. М. Сабирова // ОшМУнун Жарчысы. – 2021. –№3. – Т. 2. – 87-93- бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47971805

8. Сабирова, М. М. Мектепке чейинки курактагы балдарды социалдаштыруунун заманбап илимий-педагогикалык мамилелери [Текст] / М. М. Сабирова // ОшМУнун Жарчысы. – 2021. –№ 3. – Т. 2. – 94-102-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47971806

9. Сабирова, М. М. Мектепке чейинки курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптануусун түшүндүрүүдөгү илимий-педагогикалык ойлор [Текст] / М. М. Сабирова // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2022. – № 3.2. – 235-239-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48322613

10. Сабирова, М. М. Понятие социализации – с точки зрения кыргызских исследователей [Текст] / М. М. Сабирова // Международная научная конференция «Актуальные научные исследования в современном мире». – 2022. – №3 (83). –122-126-бб.

**Сабирова Махаббат Мийзамовнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** мектепке чейинки жогорку курак, балдар, социалдашуу, социалдык көндүм, метод, модель, мектепке чейинки уюм, тарбиячы, педагогикалык шарттар, эксперимент.

**Изилдөөнүн объектиси:** мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн максаты:** мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары ништеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:** байкоо жүргүзүү, баарлашуу, анкеталык сурамжылоо, тестирлөө, моделдештирүү, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:** мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн

калыптандыруунун теориялык маселелери талдоого алынды; мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун милдеттери, принциптери, илимий методдору такталып,максатка ылайык теориялык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары аныкталды; тарбиячылар жана ата-энелер менен балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү тапшырмалары сунушталды; алынган моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилди; "Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу» программасын (балдар бакчасынын тарбиячылары үчүн атайын даярдалган) практикага киргизүү аркылуу текшерилип, педагогикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Изилдөөнүн практикалык материалдары жана методикалык сунуштамалары, педагогикалык багытта окуган (мектепке чейинки билим берүүдө) студенттердин билимин өркүндөтүүгө жана аларды методикалык жактан жаңы ыкмалар менен камсыз кылууда жардам берет. Ошондой эле балдар бакчасынын жогорку жана даярдоо тайпаларынын тарбиячыларынын практикалык иштеринде колдонулат.

**Пайдалануу чөйрөсү:** мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүндө, социалдык көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган иш-чараларда жана тарбиячылардын кесиптик квалификациясын жогорулатууда колдонууга болот.


## РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Сабировой Махаббат Мийзамовны на тему "Педагогические условия формирования социальных навыков детей старшего дошкольного возраста" на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** старший дошкольный возраст, дети, социализация, социальные навыки, метод, модель, дошкольная организация, воспитатель, педагогические условия, эксперимент.

**Объект исследования:** процесс формирования социальных навыков детей старшего дошкольного возраста.

**Предмет исследования:** педагогические условия формирования социальных навыков старших дошкольников.

**Цель исследования:** создание модели формирования социальных навыков детей старшего дошкольного возраста, а также определение педагогических условий и ее реализации.

**Методы исследования:** наблюдение, беседа, анкетирование, тестирование, моделирование, педагогический эксперимент.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования: п**роанализированы теоретические вопросы формирования социальных навыков детей старшего дошкольного возраста; уточнены задачи, принципы,

научные методы формирования социальных навыков детей старшего дошкольного возраста, определены теоретическая модель и педагогические условия ее реализации в соответствии с целями; предложены задачи по подготовке и проведению мероприятий по формированию социальных навыков у детей с воспитателями и родителями; эффективность полученной модели и педагогических условий была проверена экспериментально; внедрена в практику программа “Формирование социальных навыков у детей старшего дошкольного возраста” (подготовленная для воспитателей детских садов), разработаны педагогические рекомендации.

**Рекомендации по использованию.** Практические материалы исследования и методические рекомендации помогут улучшить знания студентов педагогической направленности (в дошкольном образовании) и обеспечить их методически новыми методами. Также используется в практической работе воспитателей старших групп детского сада.

**Область применения:** может применяться в деятельности дошкольных образовательных организаций, в мероприятиях, направленных на формирование социальных навыков и повышение профессиональной квалификации воспитателей.


## SUMMARY

**dissertation research of SabirovaMahabbatMiyzamovna on the topic «Pedagogical conditions for the formation of social skills of children of senior preschool age» for the degree of candidate of pedagogical sciences in the specialty 13. 00. 01 – general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Key words:** senior preschool age, children, socialization, social skills, method, model, preschool organization, educator, pedagogical conditions, experiment.

**Subject of study:** the subject of the study is the pedagogical conditions for the formation of social skills of older preschoolers.

**The purpose of the study:** to identify, theoretically substantiate and test the pedagogical conditions that ensure the formation of social skills of children of senior school age in the process of education and upbringing in kindergarten.

**Purpose of the study:** creation of a model for the formation of social skills of children of senior preschool age, as well as the definition of pedagogical conditions and its implementation.

**Research methods:** observation, conversation, questionnaire, testing, modeling, pedagogical experiment.

**Scientific novelty and theoretical significance of research.** The theoretical issues of the formation of social skills of older preschool children are analyzed; the tasks, principles, scientific methods of forming social skills of older preschool children are clarified, the theoretical model and pedagogical conditions

for its implementation are determined in accordance with the goals; the tasks of preparing and conducting activities for the formation of social skills in children with educators and parents are proposed; the effectiveness of the obtained model and pedagogical conditions was tested experimentally; The implementation of the program “Formation of social skills in older preschool children” (prepared for kindergarten teachers) has been verified, pedagogical recommendations have been developed.

**Recommendations for use.** Practical research materials and methodological recommendations will help improve students’ knowledge of pedagogical orientation (in preschool education) and provide them with methodically new methods. It is also used in the practical work of teachers of senior kindergarten groups.

**Using area:** it can be used in the activities of preschool educational organizations, in activities aimed at the formation of social skills and professional development of educators.

